«БИР ДУЙНО – КЫРГЫЗСТАН»
WOMEN'S LEARNING PARTNERSHIP

# ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

*Башкаруу формасын тандоо боюнча референдумду жана КРнын президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону талдоонун жыйынтыгы боюнча*



# РЕФЕРЕНДУМГА

**«СИЗ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУН КАНДАЙ ФОРМАСЫН КОЛДОЙСУЗ»** ДЕГЕН СУРОО КОЮЛДУ:

- президенттик республика

- парламенттик республика

- бардык варианттарга каршымын

# "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ"

## КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМГА, ЖАНА ОШОНДОЙ ЭЛЕ ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛООГО БАЙЛАНЫШТУУ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КИРГИЗИЛДИ:

- президенттикке талапкерлердин же саясий партиялардын алышы керек болгон добуш босогосун төмөндөтүү жана шайлоо күрөөсүн милдеттүү түрдө 5тен 1% га чейин кайтарып берүү;

- талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын жана алардын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн акысыз кызма көрсөтүшүнө уруксат берүү.

ЖАЛПЫ СУНУШТАР

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ,

ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ (ПАРЛАМЕНТИНЕ)
ЖАНА ӨКМӨТҮНӨ




# «БИР ДУЙНОНҮН»

## СУНУШТАР

Учурдагы бийликке оппонент болгон жарандык коомдун, академиялык чөйрөнүн өкүлдөрүн конституциялык реформа процессине тартуу, жүргүзүлүп жаткан конституциялык реформаларга, андан кийинки административдик-аймактык система, шайлоо системасы, мамлекеттик башкаруу системасы, сот системасы менен байланыштуу реформаларга көз карандысыз мониторинг жүргүзүү үчүн керектүү шарттарды түзүү.

# «БИР ДУЙНОНҮН»

## СУНУШТАР

Баш мыйзамга кармап туруунун жана каршы салмактардын реалдуу системасын камсыз кыла турган, бийликтин бардык бутактарынын так ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин киргизүү.





Фото | Клооп

Кыргыз Республикасынын жарандарынын добуш берүүгө акысыз, бирдей катышуу мүмкүнчүлүктөрүн мыйзамдуу түрдө бекемдөө.

Жарандардын шайлоого жана референдумга катышуу жолу менен өлкөнү башкарууга катышуу боюнча конституциялык укугу, жарандын жашаган жерине катталышы керек деген расмий талаптар менен чектелбеши керек.




Постсоветтик мейкиндиктен тышкаркы өлкөлөрдөгү эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, шайлоону уюштуруучулардын көз карандысыздыгын жана бейтараптуулугун, кесиптик квалификациясын чыңдоо максатында Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссияны реформалоо.

Ошол эле учурда, БШК мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн парламенттик оппозициядан шайланышын, БШКнын жетекчилигинин парламенттик оппозициядан келген БШК мүчөлөрүнүн ичинен шайланышын; ар бир шайлоо өнөктүгүнөн кийин БШКнын жетекчилигин алмаштыруу принцибин камсыз кылуу.

Фото: Клооп




Кыргыз Республикасынын жарандарын укуктук жактан агартуу жаатында жүзөгө ашырылып жаткан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программаларынын натыйжалуулугун жана БШКнын ишмердигин баалоо жана мамлекеттик органдарга тиешеси жок көз карандысыз эксперттерди тартуу менен мыйзамдын үстөмдүгүн жана мыйзамдуулук принцибин камсыз кылууга, добуш берүү процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга, мамлекеттик улуттук тутумду өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгууга багытталган жарандык билим берүүнүн өлкөлүк программасын кабыл алуу жана  Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын жакшыртуу жолдорун иштеп чыгуу.

# «БИР ДУЙНОНУН» СУНУШТАР

Киргизилген биометрикалык идентификация тутумуна, анын камтылышына жана техникалык иштерине көз карандысыз аудит (техникалык жана каржылык) жүргүзүү, аудиттин жыйынтыктарын милдеттүү түрдө жарыялоо;

Эң кыска мөөнөттүн ичинде көз карандысыз коллегиалдуу мониторинг жүргүзүү жолу менен жана өткөрүлүп жаткан иш-чаралардын натыйжалуулугун жана сапатын альтернативдүү баалоо жолу менен жарандардын бирдиктүү мамлекеттик реестрин түзүү жана анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу;

Добуштарды эсептөөчү жана маалыматтарды берүүчү шайлоо маалымат системаларынын ишин текшерүү жана баалоо үчүн эффективдүү көз карандысыз аудит механизмин киргизүү, автоматтык түрдө окуй турган урналардын техникалык аудитин киргизүү жана аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын милдеттүү түрдө жарыялоо;

Өлкөдөгү коомдук телерадиоберүүнү реформалоону аяктоо, анын чыныгы көз карандысыздыгын камсыз кылуу;



**Шайлоо системасын реформалоодо** гендердик теңчиликти жана гендердик адилеттүүлүктү камсыздоого өзгөчө көңүл буруу, бул үчүн саясий процесстерде бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында аялдарды, ден-соолугу чектелген адамдарды жана калктын социалдык аялуу катмарын уюштурулуп жаткан шайлоолорго жана референдумдарга катышууга тартуу;

Фото | Клооп

# «БИР ДУЙНОНҮН» СУНУШТАР

**Жарандардын бузулган шайлоо** укуктарын коргоодо негизги тоскоолдук болуп сот адилеттигине жеткиликтүүлүктүн жоктугу саналат; сот жана шайлоо системаларын реформалоодо бузулган укуктарды райондук соттордо коргоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл;

**Саясий кысым көрсөтүүнүн** жана оппоненттерди, жарандык активисттерди куугунтуктоонун куралы катары колдонулган  укук коргоо органдарынын бардык деңгээлдеги шайлоолорду уюштурууга жана өткөрүүгө катышуусуна мыйзам тарабынан так чектөөлөрдү киргизүү;

**Жарандык коомдор жана уюмдар менен** биргеликте БУУ, ЕККУ жана Европа Бирлигинин эл аралык стандарттарына ылайык жарандык коомду өнүктүрүү боюнча улуттук концепцияны кабыл алуу.

# ЖАРАНДЫК КООМГО СУНУШТАР

Саясий партиялардын институционалдык өнүгүүсү үчүн керектүү чараларды көрүү;

Саясий партиялардын шайлоо процессине катышуусу, сөзсүз түрдө алардын жергиликтүү деңгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүүгө катышуусун камтышы керек;

Жарандык активисттердин жана өкмөттүк эмес уюмдардын жаңы муунун тарбиялоо үчүн атаандаштык чөйрөнү түзүү;

Берилген жардамдар жана чыгашалар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгаруу жана аткарылып жаткан ишмердиктин эффективдүүлүгүн альтернативдүү түрдө баалоо аркылуу жарандык коомдук уюмдардын ишинин отчеттуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуучу эффективдүү механизмдерди киргизүү;

Талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо алдында берген убадаларынын жана программаларынын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча жарандык коомдук уюмдардын иштерин күчөтүү.

# ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА - КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНҮГҮҮ БОЮНЧА ӨНӨКТӨШТӨРҮНӨ

## ЖАЛПЫ СУНУШТАР



# ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА СУНУШТАР

**Жарандык коомдук уюмдардын** өз ара аракеттешүү жана колдоо принциптерин кайрадан карап чыгуу, жарандык коомдук уюмдардын ишмердигинде , алардын жарандардын алдында отчет берүү жана финансылык ачык-айкындуулугу боюнча талаптарды күчөтүү;

**Жарандык коомдук уюмдардын** мамлекеттик бийлик органдары менен иш алып баруусунда кызыкчылыктардын кагылышынын болушун жоюу;

**Расмий бийлик жана кызмат адамдары** менен байланышпаган жарандык активисттердин жана өкмөттүк эмес уюмдардын жаңы муунун өстүрүүгө көмөктөшүү;

**Партиянын миссиясын,** стратегиясын жана партиянын мүчөлөрүнүн партиянын курулушундагы чечүүчү ролун эске алуу менен, саясий партиялардын институционалдык өнүгүүсүнө жардам берүүнү күчөтүү, партиялардын ишмердигинин жаңы стандарттарын киргизүү.

# «БИР ДУЙНОНҮН» СУНУШТАР



## ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИК ОРГАНДАРЫНА:

**Жарандардын шайлоо укуктарынын** бузулушуна байланыштуу тобокелдиктердин жана чыр-чатактардын алдын алуу жана аларга өз убагында чара көрүү максатында жергиликтүү иш-аракеттер планын иштеп чыгуу;

**Коомдук жайлардан талапкерлерге,** саясий партияларга, референдумдун үгүт топторуна үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү көлөмдө атайын орундарды бөлүп берүү.

Шайлоо аралык мезгилдерде бул жерлерди калкты жарандык тарбиялоо, укуктук аң-сезимди жогорулатуу ж.б.у.с материалдарды жайгаштыруу үчүн колдонсо болот.

ЖАЛПЫСЫНАН ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИНЕ

# 3 563 574

АДАМ КАТТАЛГАН

Ал эми БШК 750 миңге жакын жарандын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо жана референдумда добуш берүүгө катыша албай калгандыгын мойнуна алды.



# НАТЫЙЖАДА, РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮЛҮП ЖАТКАН МЕЗГИЛДЕ, БАШКАРУУ ФОРМАСЫН АНЫКТОО БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМГА ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН 15 ТОП КАТТАЛДЫ



8 ТОП

президенттик республика үчүн



3 ТОП

парламенттик республика үчүн

2 ТОП

бардык варианттарга каршы

1 ТОП

президенттик республикага каршы

1 ТОП

парламенттик республикага каршы

| | БШКга берилген кол тамгалардын саны | Жарактуу деп табылгандар | Жараксыз деп табылгандар | % |
|---|---|---|---|---|
| С.Жапаров | 59 998 | 30 032 | 29 966 | 49,9 |
| Б.Тольбаев | 58 029 | 32 393 | 25 636 | 44 |
| А.Сегизбаев | 55 480 | 30 938 | 24 542 | 44 |
| Ж.Байгуттиев | 51 896 | 31 707 | 20 189 | 38,9 |
| А.Абдылдаев | 47 978 | 30 359 | 17 619 | 36,7 |
| А.Касенов | 46 270 | 31 154 | 15 116 | 32,6 |
| У.Кочкоров | 43 804 | 30 347 | 13 457 | 30,7 |
| К.Асанов | 43 864 | 30 804 | 13 060 | 29,7 |
| Р.Тагаев | 40 651 | 30 083 | 10 568 | 25,9 |
| Р.Жээнбеков | 39 874 | 30 630 | 9 244 | 23 |
| А.Мадумаров | 39 856 | 30 760 | 9 096 | 22,8 |
| И.Ташов | 39 493 | 30 553 | 8 940 | 22,6 |
| Э.Абакиров | 43 630 | 36 002 | 7 628 | 17,4 |
| К.Исаев | 38 987 | 31 685 | 7 302 | 18,7 |
| Б.Калмаматов | 35 300 | 30 383 | 4 917 | 13,9 |
| К.Иманалиев | 36 658 | 30 701 | 5 957 | 16,2 |
| Арстанбек Мыктыбек | 33 083 | 30 694 | 2 389 | 7,2 |
| К.Сооронкулова | 33 458 | 32 554 | 904 | 2,7 |



# ШАЙЛООНУН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КЕМЧИЛИКТЕР

**Жергиликтүү өз алдынча** башкаруу органдары тарабынан талапкерлердин жана үгүт топторунун үгүт материалдарын асуу үчүн бөлүнгөн атайын жайларга талапкерлердин жана үгүт топторунун бирдей жетишүүсүн камсыз кылган ченемдин аткарылышы жөнүндө ачык жана ишенимдүү маалыматтын жоктугу. Суроо бойдон калууда: үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бөлүнгөн жерлер бардык талапкерлердин, үгүт топторунун үгүт материалдарын жайгаштыруусу үчүн  канчалык деңгээлде жетиштүү боло алды;



# ШАЙЛООНУН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КЕМЧИЛИКТЕР

**Талапкерлердин,** үгүт топторунун шайлоочулар менен өткөргөн жолугушуулары, эң негизгиси бул жолугушуулардын уюштуруучулары жана каржылоочулары жөнүндө мобилдик жана ар тараптуу маалыматтын жоктугу. Бул чаралар административдик ресурстардын колдонулушун жана саясий коррупцияны алдын алууга жардам берет;





# ШАЙЛООНУН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КЕМЧИЛИКТЕР

**Добуш берүү күнүнө** бир нече күн калганда шайлоо участкаларынын даректерин өзгөртүү;

**Административдик ресурстарды** колдонгондугу тууралуу ар бир сигналды кароо жыйынтыктарын шайлоочуларга жана массалык маалымат каражаттарына билдирбөө жана аларга жетиштүү маалымат бербөө;


**Жарандар менен жолугушууларды**, коомдук дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын теңсиз жардамы тууралуу талапкерлерден жана алардын өкүлдөрүнөн келген билдирүүлөр боюнча маалыматтын жоктугу;




# ШАЙЛООНУН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КЕМЧИЛИКТЕР

**Талапкерлердин көпчүлүгү** жана алардын жактоочулары тарабынан, анын ичинде КТРКдагы дебаттар учурунда таркатылган "кара пиарга" өз убагында реакциянын жоктугу;

**КТРКда өткөн дебаттар,** дебаттарды уюштуруу жана өткөрүү жагынан дагы, ошондой эле журналисттердин КР Журналисттеринин Этикалык Кодексин карманусу жагынан дагы эл аралык демократиялык стандарттарга жооп берген жок. Дебаттарды өткөргөн журналисттерге жана КТРКнын редакциясына БШК тарабынан окутуу жана усулдук колдоо көрсөтүлбөгөндүгү таң калтырат;




# ШАЙЛООНУН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КЕМЧИЛИКТЕР

**Талапкерлердин программалары,** жарандардын башкаруунун тигил же бул формасын же "баарына каршы" позициясын тандап алуусундагы өзгөчөлүктөр жана натыйжалар боюнча талкуу деңгээлинин төмөндүгү;

**БШКнын 2020-жылы** аккредиттелген жеке массалык маалымат каражаттарына пропорциялуу эмес айып пул салуу практикасы, ошондой эле журналисттердин БШКнын алар тараткан маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана талапкердин ар-намысына жана кадыр-баркына доо келтирилгендигин баалоо укугунун бар экендигин түшүнүүсү, журналисттердин өз алдынча цензура киргизишине себеп болду жана натыйжада мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоодо аналитикалык материалдар жана журналисттик иликтөөлөр дээрлик болгон жок.




ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫНЫН ТАЛАПТАРЫНА КАРАБАСТАН,

## БШК АРЫЗДАРДЫ КАБЫЛ АЛГАН ЖЕ МЫЙЗАМ БУЗУУЛАРДЫ КАТТАГАН

жана андан кийин аларды укук коргоо органдарына өткөрүп берген статистикалык органдын гана бюрократиялык функциясын аткарды.




ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ КАРШЫ ДАТТАНУУЛАРДЫ КАРООДО

**БШК МҮЧӨЛӨРҮ БИР ЖАКТУУЛУКТУ ЖАНА ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН КОЛДОНУУДА КОШ СТАНДАРТТУУЛУКТУ КӨРСӨТҮШТҮ,**

бул жарандардын президенттик шайлоого жана референдумга болгон ишениминин дагы да төмөндөттү.


# КОНСУЛЬТАЦИЯГА КАЙРЫЛУУ








Көбүнчө биометриканы тапшыруу процедурасы, "шайлоо дарегин" (2-форма) тандоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, участкалык шайлоо комиссияларында көз карандысыз коомдук байкоочуларды каттоо, COVID-19 боюнча санитардык коопсуздук эрежелердин сакталышы, ошондой эле автоматтык добуш берүү тутумдарынын иштеши жана алыскы аймактардагы шайлоо участкаларынын жайгашкан жерлерине байланыштуу кайрылуулар келип түштү.



# АЛДЫҢКЫ БЕШТИКТИ ТӨМӨНДӨГҮ ТАЛАПКЕРЛЕР ТҮЗДҮ:



САДЫР ЖАПАРОВ

79,14 пайыз



АДАХАН МАДУМАРОВ

6,68 пайыз



БАБУР ТОЛЬБАЕВ

2,38 пайыз



МЫКТЫБЕК АРСТАНБЕК

1,68 пайыз



АБДИЛ СЕГИЗБАЕВ

1,48 пайыз

ШАЙЛООГО КАТЫШУУ **38,9** ПАЙЫЗДЫ, РЕФЕРЕНДУМГА КАТЫШУУ **38** ПАЙЫЗДЫ ТҮЗДҮ.

# ШАЙЛОО

ПРЕЗИДЕНТТИККЕ ТАЛАПКЕР А.МАДУМАРОВ, А.СЕГИЗБАЕВ ЖАНА К.АСАНОВ

добуш берүүнүн жүрүшүндө бурмалоолор болгондугу үчүн шайлоонун жыйынтыктарын таанsocket тургандыктарын билдиришти, бирок алардын бири дагы тиешелүү арыз менен кайрылган жок.

АЙРЫМ ТАЛАПКЕРЛЕР ШАЙЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ТААНЫБАЙ ТУРГАНДЫГЫН АЧЫК БИЛДИРГЕНДИГИНЕ КАРАБАСТАН,

2021-жылдын 14-январына карата, Кыргыз Республикасынын БШКнын маалыматы боюнча, президенттикке талапкерлер тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарына каршы эч кандай даттануу келип түшкөн жок, ал эми жогорку шайлоо комиссиясына арыздарды берүү мөөнөтү 2021-жылдын 13-январында аяктады.

# «БИР ДҮЙНӨ - КЫРГЫЗСТАН» УКУК КОРГОО КЫЙМЫЛЫ

«БИР ДУЙНО - КЫРГЫЗСТАН» ЫКТЫЯРДУУЛУК, МҮЧӨЛӨРҮНҮН ТЕҢ УКУКТУУЛУГУ, МЫЙЗАМДУУЛУК, АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУК, ӨЗҮН-ӨЗҮ КАРЖЫЛОО ЖАНА ӨЗҮН-ӨЗҮ БАШКАРУУ ПРИНЦИПТЕРИНЕ ТАЯНУУ МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРГАН КАЛЫС, КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМ БОЛУП САНАЛАТ.

Ар кандай суроолор боюнча эксперттерге кайрылсаңыз болот: Атыр Абдрахматова (0550 988813) жана Мурат Карыпов (0555 422222).

УЮМДУН БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:

e-mail: birduinokyrgyzstan@gmail.com
сайт: www.birduino.kg